УДК: 304:91

Шакитов Ш.Ш.

*Ж.А. Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# КЫРСЫКТЫ БОЛЖОП БОЛОБУ?

*Бул макалада адамдар менен табияттын сырдуу байланыштары жана жаратылыштын стихиялары тууралуу маалыматтар камтылган.*

Кааласа да, каалабаса да адамдар эртедир–кечтир тигиндей же мындай кырсыктарга, каргашалуу сааттарга, күндөргө кабылышы мүмкүн экендигин турмуш мүнөт сайын көрсөткөндүгүнө күбөбүз.

Кырсык – сөзсүз түрдө эле анын өлүм-жетимге алып келиши эмес. Азыркыдай жакырчылык, жокчулук, кымбатчылык, ысырапкорчулуктун ж.б. мезгилде кырсыктын кесир-кесепеттери да оңойго турбайт. Кырсыктар таң калыштуу, акылга сыйбагандай болуп баратат. Алар адамдардын жашоо деңгээлин-жардылыгын, байлыгын деле анча эске албагандай. Себеби кырсыктар турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кездешип, бардык окуялар менен тыгыз байланыш түзүп алды.

Коомубузда кырсыктуу окуялар абдан эле көбөйүп кетти.

Өнөр жайдагылар:

1991-2010-жылдарда өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү белгилүү өлчөмгө кыскарды, төмөндөдү – Кыргызстан өндүрүштүн формаларынан алыстап, анча өнүгө элек сервистик өлкөгө айланып бараткандыгы байкалат; өндүрүш объектилеринин ж.б. акыйкатсыз менчиктештирилиши өндүргүч негизги таптарды жойуп, коомдук катмарларга алып келди; алар, өз кезегинде, массалуу жумушсуздукту пайда кылды: тамак–ашсыз, кийим–кечесиз, үйсүз–жайсыз, айлыксыз калуудан ашып түшкөн кырсык барбы? Соода, экономикалык, финансы, транспорттук, коммуникациялык ж.б. байланыштардын үзүлүшүнөн жана инфляциядан (анын мээлүүн, таскактуу, ээ бербеген, сойлоочу түрлөрүнүн бардыгы республикада кездешет. Натыйжада, баалар тынымсыз жогорулоодо, айрыкча өнөр жай товарлары, даярдалган тамак–аш, дарылар ж.б. асмандап, «космонавт» болуп кетишти, булардын залакасы тийип, кардарлардын айласы алты жеринен кетти, элдин жашоо сапаты төмөндөп, кылмыштуу кырсыктар көбөйдү; саясий, социалдык–экономикалык, финансылык ж.б. адилетсиздик жайылды; завод–фабрикаларды ж.б. демонтаждап, ташып кетүү аздык кылып, эми банктардагы миллиондорду чет жакка чыгарып кеткен шылуундар пайда болду.

Өнөр жайдагы каргашалуу, кырсыктуу окуялар айыл чарбасына тикеден-тике тескери таасирин тийгизүүдө:

- дыйкандардын жогорку сапаттагы, сорттогу үрөндөр менен камсыз болбой, кондицияга жеткирилбеген, колуна тийген үрөндөрдү себиши; айыл чарба техникаларынын ремонттон өз убагында чыкпагандыгынан, эскилигинен, жетишсиздигинен эгин күбүлуп, төгүлүп, коромжуга учурашы; айрым жерлерде техникадан кол эмгегине өтүшү: жөндүү жана жөнсүз ар кандай себептер менен кээ бир жер аянттарынын айдалбай калышы; күйүүчү–майлоочу майлардын, запастык бөлүктөрдүн, химикаттардын жана минералдык жер семирткичтердин аябай кымбатташы; биогумусту өнүктүрүүгө, массалуу түрдө пайдаланууга алигиче маани бербегендик: өзүмдүк малдын убагында дарыланбай чакалай,

котур, шарп болуусу; асыл тукумдуу кочкорлор, букалар, айгырлар менен алардын камсыз болбой калышы; жер–жерлерде агротехсервис, зооветсервистердин жетишсиздиги; райондордо маркетинг кызматынын иш жүзүндө жоктугу; айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынан төмөнкү баада сатылышы, кирешенин жоктугу же аздыгы; суу чарба комплекстеринин айрым жетекчилеринин ишке жөндөмсүздүгү сугат сууну өнүмдүү пайдаланууга жолтоо болушу – булардын бардыгы түшүмдүн төмөндөшүнө жана тигиндей же мындай өлчөмдө төлдүн сапатсыздыгына алып келүүдө ж.б.

Өнөр жайдагы, айыл чарбасындагы жана саясаттагы кемчиликтер маданияттагы терс көрүнүштөр менен аралашып кетти:

- лидерлерге ишенбөөчүлүк; ооздуксуз демократия; жадатма, тополоңдуу митингдердин көбөйүшү; эч кимге баш ийбөөчүлүк; аялдардын эркектешип, эркектердин аялдашып, гендердик милдеттердин, укуктардын алмашып кетүү көрүнүштөрү; жумушсуздукка жамынган жалкоолук, камырабастык; өз жеринде жашап, башка этностордун өкүлдөрүнө «кул» болгондук; жер которуунун азаптуу фактылары; кароосуз калган жүздөгөн жетим, карылардын көбөйүшү; адамдарды, алардын органдарын сатуучулук, байкуштардын тагдары менен ойноочулук, өспүрүмдөрдүн өз үйлөрүнөн качып, көчө балдарын толуктоосу; уурулук, талкалоочулук, өрттөөчүлүк, талап–тоноочулук, каракчылык; аракечтик, баңгилик, сойкулук; ырайымсыздык, мыкаачылык, урушуп майыптануу; айрым карылардын моралдык жактан төмөндөп, жаштарга үлгү болбой калышы; адамдарда, айрыкча, жаштарда ыймандуулуктун жетишсиздиги, коомдук тартиптин бошоңдошу; айыл, шаарлардын, дача, пляждар, токойлордун, жол жээктеринин ж.б. акыр–чикирлерге толуп, санитарлык абалдын жагымсыздыгы; бала бакчалардын массалуу түрдө жабылып, кара жемсөөлөрдүн «гүлбакчаларына» айланышы; билим берүү, медицинанын тажрыйбалуу кызматкерлеринин коммерцияга кирип кетиши, кээ бир окуучулардын мектепке барбай калышы; оорулардын (наристелердин жааксыз, жырмачы жок, көтөн чучуксуз, кабыргалары жетишсиз, көөдөнү кызыл өңгөчсүз, курсагы терисиз, мээси капкаксыз – майып төрөлүү фактылары да бар), кылмыштуулуктун, өлүм-житимдин түрлөрүнүн көптүгү; аш-тойлордогу куру намыстуу, ысыраптуу, дин бузарлык чыгымдар; миссионерлердин өз каалагандай капташы; маданияттагы толгон-токой маселелерди чечүүдө жетекчилердин кашаңдыгы, финансылык каражаттын жоктугун, жетишсиздигин шылтоолоп, проблемаларды өз учурунда жөндөөдөн качуу; пайыздуу карыздар көбөйүп, чет элдик инвестицияга, Дүйнөлүк банкка, Дүйнөлүк валюта ж.б. фондуларга көз карандылыктын арбышы, көмүскө эконмиканын жайылышы; бюджеттик каражаттарды максаттуу эмес чыгымдоочулук; жабдуулардын, түстүү металдардын чет мамлекеттерге кетиши; куйругу үзүлбөгөн, өркүндөтүлгөн паракорчулук; жасалма акчаларды жана документтерди даярдоочулук; шайлоолордогу сатылгандык жана сатып алуучулук; элдин газета-журналдардан, реалдуу кабарлардан четте калып, имиштердин таасиринде болушу ж.б. укук мамлекетин жана жарандык коомду түзүүгө жолтоо болууда.

Турмуштук чөйрөлөрдөгү кемчиликтерден, катачылыктардан, терс көрүнүштөрдөн, көпкөнчүлүктөрдөн, адамдарды тааныбай калгандыктан, ташбоордуктан, таш кулак, кум кулактыктан, акчанын, байлыктын кулу болгондуктан ж.б. келип чыккан кырсыктарды жаап–жашырбай каттап, санап коюу максат эмес, аларды жоюу, коомдон сүрүп чыгуу милдет. Ар бир адам,

бөтөнчө мамлекеттик, партиялык системадагылар, лидерлер, коомдук кырсыктардын дээрлик баарына өздөрү күнөөлүү экендигин мойнуна алып, адептүүлүк жана укук нормаларына ылайык жашаса, иштесе, дем алса, аларды өздөрүнөн, үй-бүлөдөн, коллективден, коомдон бара-бара алыстатат. Диний, моралдык, укуктук чектөөлөргө, тыюу салууларга баш ийүү көптөгөн кырсыктардын алдын алат. «Эрден өтмөк бар, элден өтмөк жок», «Эрден чыксаң да, элден чыкпа». Элди көзүнө илбей, ыгы жок тайраңдагандар, кесирлүүлөр элдик чыгармалардын акылылман кеңештерин эсине алышса, өзү да аман, өзгөлөр да жабыркабайт. Элдик каада–салттарда негизинен кырсыктарга орун жок (кун алмай, төө чечмей, эр сайыш, эр чабыштар, калыңга кул жана күңдү кошуп берүү ж.б. элдик салттарга жатпайт). Кырсыктан башымды бошотом дегендер Батыштын гана эмес, жүрүм-турумдарын улуттук маданияттын талаптарына ылайык калыптандырса, «киргиз» болбой, кыргыз болобуз.

Улуттук салт менен тарбияланган кыргыздар улуудан уялат, кичүүдөн ийменет, кокус чекилик кетирип койсо, «Кокуй, эл укпасын, эл көрбөсүн», дешет.

«Кырсыкты кайдан деп болобу»? сыяктуу сөздөр илгертеден бери келатат. Буларга ыгы келсе, кошулалы, кошулбаса да болот. Азыркы адамдар билимдүү, турмушту терең түшүнүп калышты. «Көптүн көзү – көрөгөч», бирок анысына карабастан айрымдар тиге–буга урунуп–беринип, азгырылып, топуксуз, ыймансыз, утурумдук барчылыгына, байлыгына, бийлигине мас болуп, кырсыктарды көбөйтүшүүдө. «Жок болсо, чөкпөгүн, бар болсо, көппөгүн!», «Көпсөң, бирди көрөсүң» «Каниет карын тойгузат». Кырсыкты болтурбоонун элдин кереметтүү ойлорунан жаралган эрежелери өз колубузда. «Кеменгер да кеңеш сурайт» - кеңешип иш кылалы. Эр бүтүрө албаганды эл бүтүрөт. Элден ашкан акылман жок. Туруктуулук, чыдамдуулук, калыстык, көрөгөчтүк, ынтымак, көтөрүмдүүлүктүн үлгүсү – эл. Эл үчүн кызмат кылгандар тарыхка кирет. Тарыхка кирүү кыйын, андан чыгып калуу оңой эле. Ушундай карама-каршылыктарды божомолдоп, билгичтик, аң-сезимдүүлүк менен жеңип чыккандар кырсыктардын да тамырын жулушат.

Коомдуку менен табыйгый кырсыктарды салыштырып көрөлү. Табыйгаттыкынан азырынча дээрлик бардыгынан кутулууга мүмкүн эместир, бирок илим, техниканын өнүгүшүнө жараша алдын–ала сактанууга болор. Мисалы, уйгу-туйгу түрмөктөлгөн кара булуттарды замбиректен атып, эгин, мөмө-жемиштерди мөндүрдөн, жол курулуштарын ж.б. көчкүдөн коргоп калышат; өткөргүчтөр аркылуу чагылгандын огун объектилерден алыстатышат .ж.б.

Кыргызстандын аймагында, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүндө да кырсыктуу, табыйгатынан эле каргашалуу көптөгөн кубулуштар бар. Алардын ичинен:

а) жандуу жаратылыштагылар: жырткычтардын тең салмактуулуктан ашыкча көбөйүшү; алардын жугуштуу оорулары; колорадо коңузу, чегирткелердин капташы; канаттуулардын айрымдарынын «цивилдешүүгө» ыкташып, бакча, мөмө жемиштерди жабыркатышы; шамал какты; экологиянын бузулушунан, иммундук касиеттердин бошоңдошунан; социалдык шарттардын начардашынан, моралдык жүрүм–турумдардын баш–аламан секске жакындыгынан ж.б. зыяндуу микроорганизимдердин пайда болушу ж.б.;

б) жансыз жаратылыштагылары: ак жаан, нөшөр, кара нөшөр; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн кар алдында калышы; бороон, ак бороон, кара бороон (кумдуу, топурактуу); жаздын кечеңдеши; жут; жырылуу; керимсел; кар көчкү, жер көчкү, муз көчкү; жар уроо, кулоо, кургакчылык; жер кыртышындагы суулардын көтөрүлүшү; кыштын эрте түшүшү; суу чайкоо, кум чайкоо; күн радиациясынын күчөшү; мөндүр түшүү (буурчактай, корголдой, жумурткадай); кыян, ташкын, сел; мөңгүлөрдүн тездик менен эриши; өрт; суу, саз каптоо; тоңголок; туман; такырлар; үшүк; чагылган; шамал (аркыраган, сары шамал, куюндуу); шор басуу; жер титирөөлөр ж.б.

Жер титирөөлөрдү «тизменин» соңуна калтырганыбызын жөнү бар. Бардык кырсыктардын өтө коркунучтуу, эң эле кыйраткычы, апаттуусу, аламаттуусу 9-12 баллга жеткен жер титирөөлөр. Планетабызда жыл сайын жүз миңдеген, алсыз жер титирөөлөр болуп турат. Аларды атайын өстүрүлгөн аквариум балыктары, жан-жаныбарлар, илимий приборлор гана сезишет. Күчтүү жер титирөөлөр Лиссабондо (1755-ж.), Алматыда (1887), Кеминде (1911), Ашхабадда (1948), Кытайда, Өзбекстанда (1976), Арменияда (1988), Ак-Суудa (1970), Гаити, Филипинде (2010–ж.) кайталанып, миңдеген адамдардын өмүрүн алды, курулуштарды кыйратты, талкалады, океан кемелерин бийик толкундар жарга урду.

Азыркы кездин философиясы мурункуларга караганда да кыймылдын жалпыланган, жаңы классификациясын берди. Алар – атом, молекула, ДНК, нанотехнологиясынын деңгээлиндеги майда – микрокыймылдар; чексиз ааламдагы ири объектилердин чоң мейкиндиктеги макрокыймылдары; геологиялык жана коомдук кыймылдар. Бул жерде бизди кызыктырганы геологиялык кыймылдар. Алар химиялык, физикалык, механикалык ж.б. күчтөрдүн таасиринде, жыштыгында болушат. Натыйжада, жер кыртышындагы тоо тектер формасын өзгөртүшөт, минералдык курамы, тектоникалык түзүлүштөрү өзгөрөт; жер кыртышында орчундуу жылышуулар, жаракаттар, бүктөлүүлөр жаралат; жер үстүндөгү ири айрым аянттар көтөрүлөт же чөгөт; миллиарддаган тонна байлыктарды казып алууда жер алдында үңкүрлүү боштуктар пайда болот, кезеги келгенде алардын үстү түшөт. Ушундай кубулуштардын бардыгы жер титирөөлөргө алып келет.

Жер титирөөлөр мезгил-мезгили менен кайталанып турарын илим эчак эле далилдеген. Эгерде кыйраткычтар болжолу кылымда бир жолу кайталанса, анда Кеминдеги жер титирөөгө 2011–ж. 100 жыл толот! «Кырсыкты болжоп болобу?» - деп кол куушуруп отура берген заман өтүп кеткен. Коомдук жана табыйгый кырсыктарды болжоп, аларга да даярдана жүрүү зарыл.

«Сактыкта кордук жок», «Сактансаң – сактаймын, сактанбасаң, кызыл отко кактаймын». Сактануунун мисалдарына метеорологиялык жана сейсмологиялык изилдөөлөр жана аларга ылайык келүүчү алдын ала айтуу мүмкүнчүлүктөрү да бар; жер титирөөнүн борборун, активдүүлүгүн, коркунучтарын баалоочу карталар түзүлдү. Андайларга Кемин, Ысык–Көл өрөөндөрү да кирет.

Боомдогу тейлөө курулуштары, жолду реконструкциялоо сейсмикалык талаптарга негизинен жооп берчүдөй, жооп бере албагандары да жок эмес – эптеп эле чампалап бүтүргөн курулуштар Кубаакы чөлкөмүндө кезигет. Кокус, кырсык болуп калса, алар 100 жылдык «юбилейди» кандай тозушат?

Бул «мааракени» да утурлоо зарылчылыгы күн тартибине коюлду. Ал үчүн калкты күн мурунтадан кулак кагыш кылуу; КРнын ИАсынын сейсмология институтунун, Алматы, Нарын, Чүй, Ысык-Көл обладминистрацияларынын ж.б. катышуусу менен Кеминдени жер титирөөнүн 100 жылдыгына арналган илимий конференция өткөрүп, сактануунун иш-чараларын иштеп чыгуу максатка ылайыктуу. Анын сабактарын жер титирөөнүн башка да фактыларына пайдаланса болот.

Элибиз, жерибиз «оолак болуп оорудан, кетсин кырсык тооруган!» Жетишилген ийгиликтерибизди эч ким тартып албайт – маселе кемчиликтерди, кырсыктарды жоюп, элибизди, мамлекетибизди жаңы бийиктиктерге көтөрүүдө турат.